«Фергана өрөөнүндөгү суу ресурстарынын интегриривдик башкаруу» проектиси



# Суу пайдалануучулар Ассоциациясын кантип түзүү керек?





МАРТ 2003

## Социалдык мобилизатордун иш жүзүндөгү жетекчилиги


DEZA DDC DSC SDC COSUDE
DIREKTION FÜR ENTWICKLUNG UND ZUSAMMENARBEIT
DIRECTION DU DÉVELOPPEMENT ET DE LA COOPÉRATION
DIREZIONE DELLO SVILUPPO E DELLA COOPERAZIONE
SWISS AGENCY FOR DEVELOPMENT AND COOPERATION
AGENCIA SUIZA PARA EL DESARROLLO Y LA COOPERACIÓN

IWMI International Water Management Institute

SICWC
Илимий-маалыматтык борборуу
Мамлекеттер аралык координациялык суу чарба комиссиясы

# Б Ө Л Ү М Д Ө Р Ү

бет

1. КИРИШҮҮ ........................................................................................ 2

2. СУУ ПАЙДАЛАНУУЧУЛАР АССОЦИАЦИЯСЫ ДЕГЕНДЕ ЭМНЕНИ ТҮШҮНӨБҮЗ? .................................................................. 2

3. СПАны ТҮЗҮҮДӨ ИШ ЖҮЗҮНДӨГҮ КАДАМДАР .................................. 4

1 **БАСКЫЧ** ........................................................................................ 4
2 **БАСКЫЧ** ........................................................................................ 5
3 **БАСКЫЧ** ........................................................................................ 5
4 **БАСКЫЧ** ........................................................................................ **6**
5 **БАСКЫЧ** ........................................................................................ 7
6 **БАСКЫЧ** ........................................................................................ 8
7 **БАСКЫЧ** ........................................................................................ 9
8 **БАСКЫЧ** ........................................................................................ **9**
9 **БАСКЫЧ** ........................................................................................ 10
10 **БАСКЫЧ** ...................................................................................... **11**

4. Кыргыз Республикасынын үлгүсүндө СПАнын ар түрдүү аспектилери боюнча кошумча схемалар (17 схема) ................................. **12-29**

## 1. КИРИШҮҮ

*Борбордук Азиянын тажрыйбасы көрсөткөндөй көптөгөн суу пайданалуучулар ассоциациялары (СПА) мындан мурда «үстүртөн төмөн» карай түзүшкөн (б.а.уюштуруу жана анны иш жүзүндө аткаруу жогортон башталган), мындай учурда жөнөкөй фермерлер менен эч ким акылдашкан да эмес, эч ким аларга СПА нын мүчөсү экендигин айткан да эмес. Мындан сырткары компотенттик тобтоунун өкүлдөрү (адатта аларды учредителдик комитеттер же уюштуруу топтору деп аташат).СПАнын түзүү процесин уюштурган, анны юстиция органдарына каттоодон өткөргөн, ушундан кийин уюштуруучулар СПА Кеңеши болуп калышкан.Көптөгөн жагдайда ушундай СПАлар ийгиликсиз болуп калган же суу алып келүү, коллектордук дренаждык тармакатрды техникалык тейлөө жана иштетүүгө байланыштуу чыгашалардын ордун толтура албай калышкан. Бул жагдайларга катардагы фермерлердин ушундай уюмдун тең шериктеш экендигин сезбөөсү жана аларга көрсөтүлгөн тейлөө төлөмдөрүнөн ар түрдүү жолдор менен чыгып кетүү аракеттери себеп болот.*

*Жогоруда айтылган тажрыйбалар көрсөткөндөй эгер СПАны түзүү процессии жогорудан башталса, анда мындай уюмдар алсыз жана чоң ийгиликтерге жетише албайт.Ошондуктан СПА суу пайдалануучулар менен бирдикте консультациялык сүйлөшүүлөр процессинде «төмөндөн» жогору карай түзүлүшү керек.Мындан кийин фермерлерге суу пайдлануучулар менен түздөн-түз СПАнын эмне экендигин жана андан кандай пайда бар экендиги тууралуу түшүндүрүү иштерин жүргүзүү зарыл.Кыргызстандын тажрыйбасында сунуш кылынган (аягында) схемалар СПАнын бир катар иш аракеттеринин маанилуу аспектерин көрсөтүп турат.*

## 2. СУУ ПАЙДАЛАНУУЧУЛАР АССОЦИАЦИЯСЫ ДЕГЕНДЕ ЭМНЕНИ ТҮШҮНӨБҮЗ?

*Суу пайдалануучулардын ассоциациясы (СПА) коммерциялык эмес уюм, анын түзүү жана башкаруу инициативасы[1] суу пайдлануучулар тобуна таандык, алар каралып жаткан чарбанын тибине көз карандысыз түрдө бир же андан көп гидрологиялык системалар тармактарынын (сугаттарга караганда жогорку дэңгеелди көрсөткөн, анын катарында фермерлер, суу пайдалануучулар жайгашкан бөлүштүргүч каналдар)[2] түзөт.Суу пайдалануучулар деп түздөн-түз жер менен иштегендер, айрым арендалык айыл-чарба өндүрүшүнүн мүчөлөрү жана ширкаттык, фермердик дыйкан чарбаларынын ээлери, четки участкалардын жеке менчик ээлери ж.б. түшүнөбүз. Алардын баары СПАнын потенциалдуу мүчөлөрү болушат жана өздөрүнүн финансалык, материалдык, техникалык, адамзат ресурстарын бириктирип сугаруу жана коллектордук-дренаждык тармактарды*

---

[1] *Ошол эле учурда СПАларды түзүү үчүн суу пайдалануучуларга долбоорлор, Мамлекеттик структурадагы жана башка ишканалар жактан тиешелүү колдоо талап кылынат.*

[2] *Бөлүштүрүү каналы (же бөлүштүргүч) – бул канал өз талаасын сугаруу үчүн фермерлер суу ала турган төмөнкү катардагы каналдарды/алыштарды айтабыз.Мындай каналдар ушул жол менен экинчи, анан да үчүнчү катардагы канал болушу мүмкүн. Суу алыштары буруу деп, андан фермерлер өз талааларын сугаруу үчүн суу алыша турган суу алыштарды айтабыз.Алар үчүнчү, төртүнчү да катардагы каналдар болушу ыктымал.*


*өздөрүнүн мыйзамдык кызматынын негизинде ар бир мүчөлөрдүн пайдасына деген максат менен иштетилет. СПАга мүчөлүк иши котрактык негизде жана/же СПА менен анын мүчөлөрүнүн ортосундагы келишим менен түзүлөт.*

*Ушундай эле окшоштук жол менен суу чарба мекемелери менен СПАнын ортосундагы контрактык негизинде (меселен, райондук суу чарбасы менен) келишим түзгөн жактардын укуктары жана милдеттери, макулдаштырылган мөөнөт жана суу берүүнүн көлөмү ошондой эле көрсөтүлгөн кызматы үчүн оператоpго (суу чарба уюмунун) төлөө акынын өлчөмү түзүлөт.*

*СПАнын мүчөсү болуу менен фермерлер төмөнкү пайдалга ээ болушу мүмкүн:*

- *канал боюнда жайгашкандыгына, менчиктин түрүнө жана өлчөмүнө карбастан сууну чарба аралык тең бөлүштүрүү;*
- *ишеничтүүрөк кылып суу менен касыздоо;*
- *конкретүү айыл чарба эгиндерине талапка ылайктуу болгон адекваттуу суу менен камсыздоо;*
- *тез аранын ичинде талаштарды ордунда чечүү;*
- *каналдарды талапка ылайык техникалык абалда кармоо(болбосо бул сугаруунун узак мөөнөтүн кыскартууга алып келет жана сууну иштетүү боюнча анын деңгээлинин туруксуздугуна жана кыскарышына, жоготууга ж.б. у.с.алып келиши мүмкүн);*
- *суу уурдоону кыскартат.*

*Адатта СПА төмөнкү структурасынан турат:*



## 3. СПАны ТҮЗҮҮДӨ ИШ ЖҮЗҮНДӨГҮ КАДАМДАР

*СПАны түзүү иши акырындык менен жүргүзүлөт жана төмөнкү баскычтарды камтыйт:*

1 БАСКЫЧ: ***СПА кызмат көрсөтө турган аймакта достук байланыштарды түзүү, анын пайдасы, ролу, иш аракеттери жана аны уюштуруунун жолдору жөнүндө*** *фермерлердин, алардын лидерлеринин, суу чарба уюмдарынын өкүлдөрүнүн (СЧУ), аксакалдардын жана башка негизги жактардын арасында СПА жөнүндө кеңири маалымат берүү;фермерлер, чарбанын тиби жана өлчөмү, суу менен болгон негизги маселелер жөнүндө баштапкы информацияларды жыйноо;экинчи катардагы сугат жерлери жана алардын суу пайдалануучулардынын саны жана тиби жөнүндө берилген аныктамаларды жыйноо, сугат жана коллектордук-дренаждык тармактар аркылуу камтылган тейлөө аймагынын схемасын даярдоо (берилген жумуш өзбек жана таджик пилоттук СПАсы үчүн аткарылып бүткөн).*

*Берилген баскыч чоң эмес топтогу фермерлердин аыйл-чарба/суу буруу деңгээлиндеги жергиликтүү шартка көбүрөөк көз каранды болгон шартта достук байланыштардан жөнгө салуу жана проектин негизин, анын маселелеринин жана СПАны түзүүгө байланыштуу суроолорду түшүндүрүү иши үчүн актуалдуу жолугуушуларды өткөрүү. Талкулдоо процессине баштапкы түрткү берүү үчүн СПАнын проекти түзүү пландары жөнүндө пилоттук райондордо кыска жана жете турган көлөмдө айтып берүү зарыл.Иштеп жаткан суу чарба структуралары менен эмес СПАнын жардамы менен тез аранын ичинде суу чарба проблемаларын чечүү боюнча да эскертип кетүү керек.*

*Проект жөнүнүндө киришүү түшүндүрмөлөрдөн кийин мобилизаторлор сүйлөгөнгө караганда көбүрөөк угушу зарыл жана фермерлердин кызыктырган суроолорго жооп бериши керек. Мобилизаторлор өздөрүн жергиликтүү жашоочулар бөтөн кылбай өз адамындай кабыл ала тургандай кылып алып жүрүшү зарыл. Бул фермерлердин мобилизаторлорго болгон ишеничин бышыктоого жардам берет.*

*Алдыңкы жолугушуулардан кийин кызыгып калган жергиликтүү активист калктын биргелешкен аракети менен суу бөлүү айыл-чарба деңгээлинде фермерлер арасында кеңири түшүнүк киргизүү үчүн суу пайдалануучу топ менен жолугушуу өткөрүшү керек. Ушундай жолугушуулардын маанилүү бөлүгү катары алардын катышуучуларынын алдында турган проблемаларга диагностикалык анализ жүргүзүлүшүнө мобилизаторлор жардам бериши керек. Проект жөнүндө кыска түшүнүк берүү менен баштап сугарууга жана сугат сууларына байланыштуу проблемаларды фермерлер өздөрү атап кетишин суралуу керек. Катышуучулардын санына карап аларды 6-10 кишиден туран топторго бөлүш керек, себеби аларга өздөрүн тынчысыздандырган проблемаларын тизмесин түзүү менен бирге аларды белгиленген проблемалардын анализин көрсөтүүгө, алардын тактык менен чечилүү мүмкүнчүлүгүн, аны менен ким иштей тургандыгын көрсөтүш керек.*

*Проектин жалпы түшүндүрүү иштерине арналган жолугушуудан кийин жергиликтүү калкты бул жерде эмнени билген болсо, өздөрүнүн кошуналарына мындан ары СПАны түзүү идеяларын өздөрүндө болуп жаткан проблемаларды чечүүчү чара катары талкуулоо үчүн жеткирүүнү сураныш керек.*

**2 БАСКЫЧ: Сугат жана дренаждык кызмат көрсөтүүнүн пландарынын негизги компоненттерин аныктоо**

*Экинчи раундагы жолугушуунун жүрүшүндө мобилизаторлор чогулгандарга алдыңкы жолугушууларда жүргүзүлгөн проблемалар, диагностикалык анализдердин жыйынтыгын көрсөтүшү керек. Мына ушундай көрсөтүүлөрдөн кийин талкуулоо «СПАнын түзүү аркылуу кантип бир нече же бардык көрсөтүлгөн проблемалардын чечилишине себеп болушу мүмкүн?», «СПА тарабынан көрсөтүлгөн сугат кызматы эмнени сунуш кылышы зарыл» деген суроолорго өтүшү керек. Сөзсүз түрдө «Манилүү маселелер кайсылар? Бул маселелерди ким аткарышы керек жана аткаргандар кимдин алдында отчет бериш керек? Бул үчүн ким төлөйт? Алдыда коюлган маселелердин аткарылышына кандай көзөмөл жүргүзүү керек? деген сыяктуу суроолорду бериши зарыл. Бир жагынан бул СПАга байланыштуу суроолорду сугат кызматынын тапшырмаларын аныктоо жана алдын ала суу пайдалануунун планын түзүүгө алып келет.*

**3 БАСКЫЧ: СПАга ылайыктуу уюштуруу структурасы боюнча суу пайдалануучулар менен консультация өтүү, алар шайлаган өкүлдөрдүн кандай сапатка ээ болушу керек жана ушундай өкүлдөр арбир сугатта СПАнын Жалпы же Өкүлчүлүк чогулушуна кантип шайланышат**

*Берилген баскычта (жолугушуу-консультация өткөрүү баскычына) уюштуруу структурага, СПАнын органына, өкүлдөрдүн полномочиялык мөөнөтүнө, аларды тандоо процедурасына, эрежеге, ар түрдүү деңгээлдеги СПАнын системасынын эффективдүү функциясы үчүн ички нормативдик актыларга тийиштүү суроолор талкуланышы керек.Мобилизаторлор жолугушуу консультациянын катышуучуларына ар түрдүү уюштуруучу структуралардын варианттарын, уставдарын, ички нормативдик актыларын жана СПА мүчөлөрүнүн критерийлерин мисал катары келтирсе болот.*

*Бул үчүн мобилизаторлор ар бир сугатта / аыйлда /бөлүштүргүч каналда конкреттүү жагдайга, СПАнын алдын ала планын түзүүгө байланыштуу консультация максатында жолугушууну өткөрүүгө милдеттүү. Берилген сугатта / бөлүштүргүч каналда / чарбада кызмат көрсөтүлүп жаткан СПАда жана аталган жергиликтүү жашоочуларга кабар / чакыруу, мечитте намаз учурунда же болбосо каалаган башка бар болгон массалык маалымат каражаттары аркылуу бардык суу пайдалануучуларды чакыруу зарыл.Суу пайдалануучу болуп эсептелген жашоочуларга СПАны түзүүгө арналган жолугушуу боло тургандыгы тууралуу билдирүү жеткендигине ынатуу зарыл («качан, каэрде жана эмне жөнүндө» көрсөтүш керек). Мобилизаторлор дагы да адатта фермерлер жыйналуучу коомдук жайларга (маселен, мечиттердин эшиктерине, айыл комитетине, азык-түлүк дүкөндөрүнө ж.б.) жарыяларды жабыштырып чыгышы*

*керек. Мобилизаторлор тобу адреси боюнча ар бир суу пайдалануучуга / фермерлерге кабар жеткирип турушу зарыл. Ушундай жолугушуулардын жүрүшүндө талаа топтору тарабынан пайдасы, максаты, СПАнын структурасы жөнүндө кыскача маалыматтан кийин төмөнкүлөр боюнча чогулгандар менен кеңешүү зарыл:*

- *Чогулуштун катышуучуларынын ой пикири боюнча СПА бардык суу пайдалануучуларга пайдалуу болобу (ширкаттык чарбанын, арендалык айыл-чарба өндүрүштөрүнүн, дыйкан жана фермердик чарбалардын, четки кошумча участкалардын ээлеринин өкүлдөрүнө)?*
- *Ким СПАнын потенциалдуу мөчөсү боло алат?(талкулоонун алдында мобилизаторлор сууга укугу бар бардык суу пайдалануучулар СПАнын тең укуктуу мүчөлөрү болуп эсептелишин сунуш кылуусу зарыл)*
- *СПАнын өкүлчүлүк чогулушунда ар бир сугатта канчадан өкүл шайланышы керек?Кантип?Аларды кимдер шайлашат?*
- *СПА Кеңешине Өкүлчүлүк чогулуштан канча адам шайланышы керек? Аларды ким, кантип жана качан шайлашат?*
- *Өкүлдөр, лидерлер кандай сапаттарга ээ болушу керек?*
- *Ревизиялык текшерүү жана талаштарды чечүү комиссиясында канча адам болушу керек?Көрсөтүлгөн комиссиялардын ролу кандай болот? Алардын мүчөлөрүн ким жана кантип шайлашат?*
- *Суу пайдалануу укугуна ээ болгон аял-фермерлер тең укуктуу мүчө боло алышабы? Эгер болбосо, эмне үчүн? Аларды СПАга сунуш кылуунун иш-аракеттери кандайча болот?*
- *Канча убакыттан кийин СПА Кеңеши, Өкүлчүлүк же Жалпы Чогулуш, Ревизиялык комиссия талаштарды чечүү комиссиясы кайра шайланышы керек?*
- *Алар үчүн маанилүү көрүнгөн, алар талкулоочу келген каалаган башка суроолор.*

*Мобилизаторлор суу пайдалануучу тарабынан айтылган сунуштарды, бүткүл процессти жазып белгилөө үчүн (социалдык мобилизация боюнча бардык мероприятиядан) өздөрү менен талаа дептерин кошо ала жүрүп ага толук маалыматты жазып жүрүшү керек.Ошондой эле талаа топтору дептерлерине дагы башка моменттерди белгилеши керек: канча адам чакырылды; чынында канчасы катышты;ким эмне жөнүндө сүйлөдү;чогулуш бир нече кызматтын же таасирдүү катышуучулардын мажбурлоосу алдында өттүбү же бары тегиз активдүү катыштыбы;бардык катышуучулар эмне жөнүндө сөз болуп жаткандыгын түшүндүбү же жокпу, ж.б.у.с.*

### 4 БАСКЫЧ: Ар бир сугатта суу пайдалануучулар тобуна СПАнын Өкүлчүлүк/ Жалпы Чогулушуна Өкүлдөрдү шайлоо чогулушу

*Мобилизаторлор жергиликтүү калктын активдүү катышуусу менен ар бир сугаттын өткөргүчтүн деңгээлинде бир нече чогулуш өткөрүүсү зарыл. Чогулушту өткөрүү айы, убакыты, жайы суу пайдалануучулардын бирөөсү өздөрүнүн иши үзгүлтүккө учурабасы үчүн кечки убакытты тандашы мүмкүн.*

*Талаа топтору ар бир мыйзамдуу суу пайдалануучулардын өздөрүнүн кандидатурасын көрсөтүүгө тегиз мүмкүнчүлүк бере тургандай кылып чогулуштун өтүшү тууралуу кеңири кабар берүүсү зарыл. Мындай максат үчүн эки-үч күн мурун кыштактарга эскертүү керек жана да ар бир суу пайдалануучуга кат түрүндө кабар жиберүү зарыл. Талаа топтору чогулушка катышуунун эң жогорку деңгээлин камсыз кылууга аракеттениши керек. Эгер катышуу деңгээли каралган критерийден аз болуп калса (суу пайдалануучулардын 50-60%), анда чогулушту башка убакытка жылдыруусу керек. Катышкан суу пайдалануучулар консенсус жолу менен макулдашып жана кийинки өткөрүлүүчү чогулуштун убакытын ошол жерде жарыя кылышы керек. Мына ушундан кийин мобилизаторлор бийигирээк деңгээлдеги катышууну камсыз кылышы үчүн таасирдүүрөк рекламалык компанияларды колдонуп, келерки чогулушту өткөрүү тууралуу кеңирирээк кабар жүргүзүүлөрү зарыл.*

*Көрсөтүлгөн чогулуштарда СПАнын Жалпы Чогулушуна шайлоо маселесине өтөөрдөн мурда СПАнын арасынан сугаттын ички маселелери боюнча иш алпара турган бир адамды шайлап алуусу зарыл, мисалы ал төмөнкүлөр боюнча иш жүргүзүшү мүмкүн:*

- *убактысы менен өтүүчө «ашар» методу менен суу өткөргүчтөрдү тазалоо чаралары;*
- *сугаттын бардык суу пайдалануучуларынын арасында тегиз суу бөлүп берүүнү камсыздоо;*
- *сугаттагы талаштарды, кемчиликтерди болтурбоо жана чечүү;*
- *сугатта суу бөлүштүрүүнү жакшыртуу;*
- *сугаттын мүчөлөрүнө жалпы пайдасы бар кең келген башка маселелер боюнча.*

*Ушуну менен бирге сугаттын суу пайдалануучулардын ошондой эле СПАнын жалпы Өкүлчүлүк Чогулушунда өздөрүнүн кызыкчылыгын көрсөтө алгандарды шайлашат (эгер СПАнын тейлөө аймагында суу пайдалануучулардын саны аз болсо, бардык суу пайдалануучулар Жалпы Чогулушун түзүү үчүн ар бир сугатта макулдашкан сандагы өкүлдөрдү шайлап алуусу зарыл болот). Ушундай чогулуштун башталышында проект, функциялары, иш тапшырмалары жана СПА укуктары, жакшы лидерлер ээ болуучу сапаттар (мурдагы жолугушуу-консультацияларда аныкталгандай) эң татыктуу лидерлерди шайлоо жөнүндө кыскача айтып кетүү керек. Сугаттын көлөмүнө, суу пайдалануучуларынын санына, ар түрдүү топтун кызыкчылыгына карата суу пайдалануучулар СПАнын Өкүлчүлүк Чогулушуна ылайык сандагы өкүлдөрдү жана бир же бир нече өкүлдөрдү конкреттүү сугаттын айланасындагы ички иштерди чечүү үчүн шайлай алышат.*

5 БАСКЫЧ: Өкүлчүлүк чогулуштун тааныштыруу жолугушулары

*Өкүлчүлүк чогулушка сугаттын өкүлдөрү, топтук суу пайдалануучулар боюнча жоопкерчиликтүү адам шайлангандан кийин алардын баардык тааныштыруу жолугушусуна чакыруу зарыл. Бул аларга бири-бири менен жакшы таанышып берүүгө мүмкүнчүлүк берет. Ушундай жолугушуулардын максаты дагы да шайланган өкүлдөргө СПАнын максатын эске салуу үчүн, СПА Кеңешинин*

*мүчөлөрү шайлоонун жүрүшүн текшерүү жана талаштарды чечүү комиссиялар боюнча консультация алуу, шайлоо, чогулуштун өткөрүүчү күнүн, убакытын жана ордун аныктоо.*

*Чогулуштун катышуучулардын эсине дагы бир жолу төмөнкү негизги маселелер боюнча кыскача маалымат берүү зарыл: 1) сугаруу жана дренаж системасын башкарууда уюшумдуу жана коллективдүү мамиле жасоо; 2) полномочияларды борборлоштурбоо (бобордук органдардын кээ бир функцияларын жергиликтүү органдарга берүү) жана СПАны алардын колуна берүүдөгү башкаруунун жоопкерчилиги; 3) тегиз суу бөлүштүрүүнүн жогорулашы; 4) суу менен камсыздоонун ишеничтүүлүгү; 5) уюшулган топтун укугунун негизинде ар түрдүү мамлекеттик жана жеке менчик ресурстарга, кызматтарга жетүүгө мүмкүнчүлүктү уюштуруу; 6) өзүн-өзү башкаруу; 7) өзүн-өзүн камсыздоо.*

*Андан кийин Өкүлчүлүк Чогулуш күнү, убактысы кийинки шайлоо чогулушунун өткөрүү орду жөнүндө чечим кабыл алат. Идеалда мындай жыйналышты кандайдыр бир жергиликтүү борбордо, жергиликтүү бийликтин имаратында, мектепте, спортзалда, же каалагандай башка кыштактын, айылдын эч кандай чектелбеген түрдө бары үчүн ачык коомдук жайда өткөрүлгөнү дурус.*

### <u>6 БАСКЫЧ</u>: Кеңештин, СПАнын Башкармасын, Ревизиялык комиссиянын жана талаштарды чечүү комиссиясынын мүчөлөрүн шайлоо

*Дайыма жыйналышты ушул убакытка чейин эмне иш жасалды жана окуя андан ары кантип өрчүй тургандыгы жөнүндө баштаган пайдалуу.*

*Ушундан кийин СПАнын Өкүлчүлүк Жыйынын мүчөлөрүнө бар болгон айыл чарба жана сугат проблемалары боюнча топтук анализ жүргүзүүгө жардам бериллүүсү зарыл, түзүлүп жаткан СПА башкара турган сугаруу системалары боюнча алардын чечүү мүмкүнчүлүктөрүн белгилеп кетүү керек. Берилген талкулоо, ушундай чечимдерди таратууга байланышкан башкаруунун негизги функцияларын көрсөтүүгө алып келиши керек. Бул сугат кызматынын жана сугат кызматын көрсөтүүнүн (суу пайдалануунун) бөлүгүн аныктоо үчүн негиз болуп эсептелинет.*

*Мурдагы өткөрүлгөн жыйналыштардын жана жолугушуулардын жүрүшүндө көпчүлүк катышуучулар тарабынан аныкталган жакшы лидерлик кылуу кандай сапаттардан турат деген боюнча кыскача баяндама берип кетүү пайдалуу болор эле. Ошондой эле мобилизаторлор жыйналгандар менен СПАдан талап кылуучу кызматын сапатына көз каранды болгон алдыда турган шайлоонун манилүүлүгүн талкуулоосу керек, мындай жагдайда катышуучуларга консенсусту иштеп чыгуу жана өз ара талкуулоо үчүн жетиштүү убакытты берүү зарыл. Өкүлчүлүк жыйындын мүчөлөрүнүн дискуссиясы жетишеерлик жандуу мүнөздө болушу мүмкүн. Кандайдыр бир саясий таасирди эсепке албоого да болбойт. Ошондуктан мобилизаторлор жыйналгандарга кайрадан СПАнын негизги максаттарын, коллективдик кабыл алынган иш аракеттерин болжолдуу пайдаларын эскертип кетүү керек. Качан суу пайдалануучулар коллективдүү түрдө биргелешип суу менен камсыздоо маселесине байланыштуу маселени чечкенге*

*келгенде, жалгыздап иш аракет кылганга караганда, аларда жакшы деңгээлдеги тейлөөгө мүмкүндүк бар экендиги түшүндүрүү зарыл. Жолугушуунун мүчөлөрүнө көрсөтүлгөн кандидатураны талкулоо үчүн, мында алар керектүү консенсуска жете ала тургандай кылып жетишээрлик убакыт берилиши керек. Мындайда түзүлүп жаткан уюмдун баскычы катары болгон маанилүү жана белгилүү деңгээлде төмөнкүлөргө көз каранды болгон моментерди эстен чыгарбоо керек: 1) саясий таасирлүүлүктүн деңгээли; 2) шайлоодо консенсустун бар болушу;3) чечим кабыл алууда бардыгында тең мүмкүнчүлүктүн бар болушу;4)бүт сугат каналдарды канчалык деңгээлдеги акыйкаттыкта СПА кеңешинде көрсөтүлгөн.*

*Өкүлчүлүк Жыйын кандидаттарды ар түрдүү жумуш ордуна жашыруун, ачык добуш берүү же консенсус жолу менен шайлоого укуктуу.*

*Бирок ушундай процессти Ревизиялык комиссияны, талаштар Комиссиясын жана алардын төрагаларын шайлоодо колдонбошу керек.*

<u>7 БАСКЫЧ</u>: Учредителдик документтерди даярдоо

*СПАны түзүүдө андан аркы кадамдарды кабыл алууда атайын учредителдик документердин пакети керек. Мындай иш кагаздар өзүнө стандарту уставды жана СПАнын ички нормативдик актыларын; ар түрдүү карталарды, тейлөө аймагынын схемасын жана башка же ушуга окшош ар бир өлкөдө өзүнчө иштелип чыгуучу иш кагаздарын камтыйт. Ушундай иш кагаздарын даярдоодо мобилизаторлор жардам көрсөтүшү керек. «Фергана өрөөнүнүн СРИБ» проектисинин максаты үчүн ушундай пакет ИМБ МКСЧК же IWMI (СРЭБИ) адистери тарабынан даярдалган ошондуктан СПА Кеңештери дароо эле кийинки баскычка өтүшсө болот.*

<u>8 БАСКЫЧ</u>: Уставды, ички нормативдик актыларды жана башка иш кагаздарын кабыл алуу СПАга каттоо үчүн жана каттоого арыз берүү

*СПА Кеңешинин биринчи милдети түзүүчү комитетинин кызматын аткаруу (СПА мүчөлөрүнүн атынан каттоого берилген арыздардын жиберүүсүнө жооп берет), учредительдик иш-кагаздарын (уставы, ички нормативдик актыларды, суу пайдалануучулардын алдын ала пландарын) жана алардын жергиликтүү шартка ыңгайланышын карап чыгуу болуп эсептелинет. Уюмдун ички нормативдик актылары берилген уюмдун чегинеде кыймылга келтирип жана белгилүү тартипти өлчөп жана кармап турган динамикалык кыймылдаткычы болуп саналат. Алар статичный болбогондуктан же биротоло кабыл алынган жана зарыл болгондо Жалпы / Өкүлчүлүк чогулуштун чечими менен өзгөрүшү мүмкүн, ошондуктан алар динамикалык (өзгөрмө) мүнөзгө ээ. Эгер уюм кандайдыр-бир негиз салган жана анык түзүлгөн эрежелерди сактаса, анда ал талапка ылайк иш жүргүзө албайт же узак убакытка чейин туруктуулугун сактай албайт.*

*Мобилизаторлор жана проекти жүзүнө ашыруучулар бул планда белгилүү техникалык жардам көрсөтүшөт. Мында алар типтүү проектин чегинде иштелип чыккан ички нормативдик актылардын стандарттуу формаларын сунуш кылуу менен жардам көрсөтөт (пилоттук обьектин конкреттүү жагдайына карай). Адата уюмдун ички нормативдик акты төмөнкү меселелердин айланасында болот: 1) айдоо жердин түзүлүшү, суунун ченеми жана керектөөсү,*

*суу тосмосу, суу буру жана бөлүштүрүү иш чаралары, системанын техникалык тейлөөсү; 2) ар түрдүү кызматтагылардын милдеттери иш аракеттери; 3)чогулуштун мезгилдүүлүгү өткөрүү иштери; 4)мүчөлүктүн критерийлери;5) мүчөлүктүк жэ кызматтык полномочиенин токтошу;6) мүчөлүк акылар; 7) каражаттарды жыйноо;8) талап-тартышты чечүү кыймылы; 9) айыптык санкциялар; 10) башкалар.*

*Мобилизаторлор Кеңештин мүчөлөрүнө жогорудагы нормативдик укук жоболорун (эгер мемлекет тарабынан ушундайлар бекитилсе) эске алуу менен алдын ала сугаруу жана дренаждык тейлөөнүн (суу пайдалануучунун) планынын маселелеринин коюмунунда кабыл алыштары керек. Кеңештик макулдашуусу менен чечилген, альтернативдик чечимдин жыйынтыгында боло турган натыйжасын анализдөө жана талкулоодо менен мабилизаторлор Кеңешке жардам берүүгө милдеттүү.*

9 БАСКЫЧ: Профессионалдык даярдык

*Берилген учурда негизги максаты маанилүү маселелерди аткаруудагы СПАнын даярдыгы жана ал көз карандысыз, өз алдынча, өз башкаруудагы уюм катары иш аткарууга милдеттүү. Көпчүлүк убакытта мындай професcианалдык даярдык түздөн-түз жумуш ордуларында жана практикалык иштин жүрүшүндө окутуу аркылуу иш жүзүнө ашырылат. СПАнын шайланган өкүлдөрүнө бул маселелерди өздөрү аткаруунун кереги жоктур, принциптерин кеңирирээк билиши ишке алынган инсандардын сапаттуу башкаруусуна пайдалуу болот. СПАнын түзүлүшүнөн кийин СПА Кеңешинин мүчөлөрү жана анын жумушчулар штаты сугаруу-дренаждык инфраструктураны башкарууда белгилүү бир ыкка ээ болуушу зарыл.*

*Практикалык окуунун программасы суунун агымын ченөө, суу бөлүштүрүү мониторинг, техникалык тейлөөнү даярдоо аны реализациялоо пландарын, бизнес-пландын иштеп чыгууда аны таркатуу уюмдук башкаруу, финансылык башкаруу, иш өндүрүшүн алып баруу, ички нормативдик актыларды иштеп чыгуу, системаларды тейлөөдө жана иштетүүдө ресурстарды көчүрүүнүн (мобилизация) жолдору тууралуу маселелерди өзүнө камтышы керек. Эң зарыл көңүл буруучу аспект болуп практикалык окутууга керек болгон материалдар жана тажрыйбалуу жана компоненттүү инструкторлор менен камсыздоо. Бул үчүн талапка ылайык адистерди издеп табуу зарыл (гидротехниктерден, райондук айыл суу чарбасынан, СПАга өздөрүн жакшы жолдомолору менен келген жумушчуларды ж.б.).Практикалык окутуу үзгүлтүксүз негизде өтүлүшү керек жана ал эң төмөнкү түзүлүшкө же болбосо ТСПга чейин жүрүшү керек. Көрсөтмө адистер катары өкүлдөрдү окутууда эң төмөнкү баскычка суу бөлүштүрүү каналдарынын өкүлдөрү жана окуудан өткөн СПАнын жумушчулары, себеби фермерлерди өздөрүнө окшогон эле фермерлер окутканда алар эң жакшы окуучу боло алышат.*

*Өкүлдөрдү СПАнын жумушчуларын професcианалдык даярдоо программасын берилген багытта «СРИБ-Фергана»нын чегинде МКСЧК Тренинг борборунун Оштогу бөлүмүндө даярдалат, ал эми практикалык окутуунун (пособиеси) көрсөтмөсү ИМБ МКСЧК же IWMI менен бирдикте пилоттук СПАнын даяр болуу моментине даярдалат.*

*Орто Азиянын фермерлеринин чоң бөлүгү өздөрүнүн суу бөлүштүргүчтөрүнүн масштабында сугат системасын башкарууну өзгөштүргөндүгүнө карабастан, алар дагы эле жогорку баскычтагы бөлүштүрүү сугат системаларын башкарууда эч кандай тажрыйбалары жок. Ушуга байланыштуу, практикалык окутууну уюштуруудан жана окуу куралын даярдоодон сырткары суу пайдалануучулардын инфраструктураны иштетүүгө жана техникалык тейлөөдө жоопкерчиликти алуудагы иш ишеничинин пайда болушу болуп алрдын СПА тарабынан ийгиликтүү башкарылып жана иштеп жаткан сугат системасына барып туруусу болуп эсептелет.*

*Бул үчүн Борбордук Азиялык аймактын сыртынан же болбосо ички тарабынан жана СПАнын өкүлдөрүнөн түзүлгөн оптималдуу топтору үчүн ылайыктуу мекемелер тандалып алынат. Фермерлер, суу пайдалануучулар өздөрү башкарган гидромелиоративдик системанын бөлүгүнө барып туруусуна уюштурулат. Ушундай катышуудан СПАнын өкүлдөрү бир гана конкреттүү СПА өзүнүн системасын кандай башкарып жаткандыгы тууралуу эмес уюштуруу, эрежелер, ички нормативдик актылары, жарактарды мобилизациялоо жолдорун сугат кызматы үчүн төлөмдү эсептеп чыгуу, ушундай төлөмдүн жыйналышы жана анын андан ары пайдаланышы тууралуу маселелерге тиешелүү билдирүүлөрдү ала алышат. СПАнын мүчөлөрү баардык өз көздөрү менен көрүп күбө болгондуктан, берилген тажрыйба алардын ишеничин туудурууга жардам берет.*


<u>10 БАСКЫЧ</u>: Системаны башкарууну СПАнын колуна өткөрүү

*Биринчиден СПА ага өткөрүүчү сугат системасынын башкарылуусу тууралуу типтүү келишимди карап чыгат, жергиликтүү шартты, андан кийин жагдайда эске алуу менен аны үйрөтөт, суу чарба кызматын көрсөтүүчү менен ылайктуу сүйлөшүүлөрдү жүргүзөт (райондук суу чарба менен / областык суу чарбасы менен).*


# 4. Кыргыз Республикасынын үлгүсүндө СПАнын ар түрдүү аспектилери боюнча кошумча схемалар

1. СПАнын иш аракеттери / максаттары
2. СПАнын милдеттери
3. Уюштуруу комитети аракети менен Кыргызстанда СПАны түзүү
4. СПА уставынын долбоору
5. СПАга мүчөлүк
6. СПА мүчөлөрүнөн укуктары
7. СПА мүчөлөрүнөн милдеттери
8. СПА мүчөлөрүнөн бошотуу
9. СПАны башкаруу органдары
10. СПА жогорку органынын эрежеден тышкары компетенциясы (Өкүлчүлүк чогулуштун)
11. СПАда добуш укугу
12. СПАнын жетектөөчү органынын компетенциясы (СПА Кеңеши)
13. СПАнын аткаруучу органын компетенциясы
14. СПАнын көзөмөлдөө органы
15. Талаштарды чечүү Комиссиясынын иш тартиби
16. СПАнын киреше булагы
17. Жөнгө салу органынын компетенциясы


## *1. СПАнын иш аракеттери / максаттары*




## *2. СПАнын милдеттери*



## *3. Уюштуруу комитети аракети менен Кыргызстанда СПАны түзүү*




## *4. СПА уставынын долбоору*




## 5. *СПАга мүчөлүк*




## *6. СПА мүчөлөрүнүн укуктары*



## 7. СПА мүчөлөрүнүн милдеттери




## *8. СПА мүчөлөрүнүн бошотуу*




## *9. СПАны башкаруу органдары*




## *10. СПА жогорку органынын эрежеден тышкары компетенциясы (Өкүлчүлүк чогулуштун)*




## *11. СПАда добуш укугу*




## *12. СПАнын жетектөөчү органынын компетенциясы (СПА Кеңеши)*




## *13. СПАнын аткаруучу органын компетенциясы*




## *14. СПАнын көзөмөлдөө органы*




## 15. Талаштарды чечүү Комиссиясынын иш тартиби



## *16. СПАнын киреше булагы*



## 17. Жөнгө салу органынын кызматы



## *Байланыш реквизиттер:*


# I W M I

**Суу ресурстары**
**боюнча Эл аралык**
**башкаруу институту**

*Өзбекистан, 700000,.*
*Ташкент ш. Муртазаева көч,*
*6 үй, 103 кв.*
*а/я 4564, почта башкармасы*
**Тел.:** 998-71-1370445
**Факс**: 998-71-1370317
**E-mail:** m.hassan@cgiar.org
**Интернет:** www.cgiar.org/iwmi

# ИМБ МКСЧК

**Илимий - маалыматтык борбору**
**Мамлекеттер аралык координациялык**
**суу чарба комиссиясы**

*Өзбекистан, 700187,.*
*Ташкент ш.Карасу-4 массиви,*
*11үй САНИИРИ, ИМБ*
*МКСЧК*
**Тел.:** 998-71-1665101
**Факс**: 998-71-1665097
**E-mail:** imwr@icwc-aral.uz
**Интернет:** www.icwc-aral.uz


*«СРИБ-Фергана»Проектин интернет-бетчеси :* **iwrmf.icwc-aral.uz**